| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ**<br>**ЖАҢЫ-ЖЕР**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын III-сессиясынын**

**№ 11 Т О К Т О М У**

Арка айылы 16-январь 2025-жыл

**2023-жылдын 24-фералында Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз сессиясынын 28 сандуу токтомунун 2-п., 5-п., 7-п. жокко чыгаруу жөнүндө**

Лейлек районунун прокуратурасынын 2024-жылдын 26-декабрындагы №24/138-01-11-2-01142 сандуу Каршылык билдирүү катынын негизинде, 2023-жылдын 24-фералында Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз сессиясынын 28 сандуу токтому менен Жаңы-Жер айыл аймагындагы ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмеси "Келечек-Арка" ишканасынын 2023-жылга карата таза суунун тарифи жана башка маселелер бекитилген. Аталган токтомдун 2-п. өз алдынча суу түтүктөрүн кошуп алгандарга биринчи ирет 1000 сом, экинчи ирет 2000 сом айып пул салынуусу, 5-п. негизги суу түтүктөрүн талкалаган жана малын суугаргандарга 10 000 сом айып пул салынуусу, 7-п. ичүүчү таза сууну сугат суу катары пайдалангандарга биринчи ирет эскертүү, экинчи ирет 2000 сом айып пул салынуусу белгиленген.

Жаңы-Жер айылдык кеңешинин жогорудагы токтому Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык келбегендиктен, токтомдун жогоруда айтылган пункттарын жокко чыгаруу үчүн Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII- чакырылышынын кезексиз сессиясынын 28 сандуу токтомунун 2-п., 5-п. жана 7-п. ченемдик укуктук актыларынын талаптарына туура келбегендиктен жокко чыгарылсын. *Тиркеме: 2023-жылдын 24-фералында Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII-чакырылышынын кезексиз сессиясынын 28 сандуу токтому*

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Ж.Мурадилов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
**ЖАҢЫ-ЖЕР**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЖАНЫ-ЖЕРСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Жаңы-Жер айылдык кеңешинин VII чакырылышынын V сессиясы**

**ТОКТОМ**
**№ 58**

Арка айылы 20 - август 2024-жыл

**100 га жер аянтын Лейлек районунун суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин 2024-жылдын 25-июнундагы №04-11/2367, Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 27-июнундагы №2/603 сандуу каттарынын жана "Кыргызмамжердолбоорлоо" Жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Баткен филиалынын 2024-жылдын 12-июлундагы №01-19/287 сандуу жердин түрүн аныктоо жөнүндөгү катынын негизинде, Жаңы-Жер айыл аймагындагы Сары-Жаз участогунан 100 га өздөштүрүлбөгөн бош жер аянттарын натыйжалуу пайдалануу жана айыл чарбасынын өндүрүшүнө киргизүү үчүн тиешелүү айыл чарба категориясындагы жерлердин түрүнө которуп (трансформациялоо). Лейлек районунун Суу чарба башкармалыгына Жер кодексинин 32-беренесинин 4-бөлүмүнө ылайык, Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн башчысы М.Баетовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Жаңы-Жер айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жаңы-Жер айыл аймагындагы Сары-Жаз участогунан 100 га өздөштүрүлбөгөн бош жер аянттарын натыйжалуу пайдалануу жана айыл чарбасынын өндүрүшүнө киргизүү үчүн тиешелүү айыл чарба категориясындагы жерлердин түрүнө которуп (трансформациялоо), Лейлек районунун Суу чарба башкармалыгына Жер кодексинин 32-беренесинин 4-бөлүмүнүн негизинде өткөрүлүп берилсин.

2. Натыйжалуу пайдалануу жана айыл чарбасынын өндүрүшүнө киргизүү үчүн тиешелүү айыл чарба категориясындагы жерлердин түрүнө которуп (трансформациялоо). Лейлек районунун Суу чарба башкармалыгына өткөрүлүп берилген жерлер, максатсыз пайдаланылса же пайдаланылбай кароосуз калса кайра айыл өкмөтүнө кайтарылсын.

3. Өткөрүлүп берилген жер аянттарын натыйжалуу пайдалануу үчүн биринчи кезекте Жаңы-Жер айыл аймагынын тургундарына берилсин.

4. Токтомдун аткарылышы, тийиштүү иштерди жүргүзүү жана иш кагаздарын түзүү жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаңы-Жер айылдык кеңешинин айыл чарба жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төраганын убактылуу милдетин аткаруучусу:** **К.Салимбеков**